| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|---|
| ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН<br>БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**23.01.2023-ж. №1.** **Боо-Терек айылы.**

**Боо-Терек айыл өкмөтүнүн 2022-жылына карата, жыл ичиндеги бюджетинин аткарылышы жөнүндө**

Айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Р.Дуйшенкулованын 2022-жылына карата, жыл ичиндеги бюджетинин аткарылышы боюнча маалыматтарын угуп, талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндөгү" Мыйзамынын 37-беренесинин негизинде Боо-Терек айылдык жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Р.Дуйшенкулованын жыл ичиндеги алып барган кызматтык иштери төмөндөгүдөй кемчиликтерди эске алуу менен канааттандыраарлык деп табылсын:

- Айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлеринен 2019-2020-жылдардагы өнбөй калган ижара акылары боюнча, эсептөө палатасынын аудитору тарабынан аныкталган 3,5 (үч жарым) миллион сом бүгүнкү күнгө чейин айыл өкмөтүнүн бюджетин толукталбагандыгы;
  Мындан тышкары 2021-2022-жылдары үчүн ошол эле жер ижараларынан 3 (үч) миллион сомго жакын акча каражаттары өнбөй калган. ФЭБ башчысы түздөн түз көзөмөл жүргүзө турган милдетин так аткарбагандыгынан, ижара акылары айыл өкмөтүнүн эсебине толук түшкөн эмес экендиги;

- 2021-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейин бюджетте бекитилген иштер толук аткарылбай, 5 377 000 (беш миллион үч жүз жетимиш жети миң) сом акча каражаты артып калгандыгынын себебинен, Айыл өкмөтү жарым-жартылай

айыл өкмөтүндө иштеген кызматкерлердин айлык маянасын боюнча дотациядан чыгып кеткендиги;

- 2022-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейин бюджетте бекитилген иштер толук аткарылбай болжолу 4 500 000 (төрт миллион беш жүз миң) сом акча каражаты өздөштүрүлбөй калгандыгы;

- Айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган Б.Сатыбеков атындагы орто мектебинин жылуулук системасынын капиталдык ремонттон жаңыдан өткөрүлүп бүткөндөн кийин, мурунку эски жулуулук системасынан АКТыланып чыккан эски чоюн ар кандай сандагы коп кабыргалуу батарея жана трубалар сатылбай, эч кандай иш жүргүзүлбөй, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине акча каражаттары түшкөн эмес экендиги;

- Айылдык Кеңештин депутаттарынын 2022-жылдын 10-декабрындагы отурумунун протоколдук чечимин аткарбастан, доогер Т.Сатыбековдун жеке эсебине 299793 сом жана мындан тышкары сот аткаруучулардын эсебине 10% мамлекеттик алым акча каражаттарын которуп жибергендиги эске алынсын.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **А. Мамыралиев**